**Ош эл аралык медициналык университети**

**Дарылоо иши факультети**

**ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШИНИН ОТУРУМУНУН**

№ 4 ПРОТОКОЛУ

09 12. 2025-ж.

Ош шаары

КАТЫШУУЧУЛАР:

Деканат өкүлдөрү, кафедра башчылары, НББП жетекчиси, СМК жетекчиси, окуу-методикалык иштер боюнча жооптуулар, Окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ:

Окуу-методикалык комплекстердин (УМК) мазмунун кароо жана ОСКЕ борбордук стандарттарына ылайык жакшыртуу маселеси

УГУЛДУ:

1. Дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстеринин (УМК) учурдагы абалы каралды. УМКнын структурасы, мазмуну, окуу натыйжалары жана баалоо критерийлеринин талаптарга шайкештиги талкууланды.

Айрыкча клиникалык дисциплиналар боюнча практикалык сабактардын чагылдырылышы жана студенттердин компетенциясын баалоо системасын өркүндөтүү зарылдыгы белгиленди.

2. УМКларды ОшМУнун борбордук методикалык талаптарына ылайык жакшыртуу маселеси каралды.
УМКлардын бирдиктүү структурасын сактоо, окуу натыйжаларын так жеткирүү, компетенттүүлүккө негизделген окутууга өтүү жана дисциплиналар аралык байланышты күчөтүү зарылдыгы белгиленди.

Клиникалык дисциплиналарда симуляциялык окутууну кеңейтүү, кейс-стади ыкмаларын колдонуу жана практикалык баалоонун жаңы формаларын киргизүү маселеси өзгөчө талкууланды.

Кыргыз тили жана орус тили предметтеринде медициналык коммуникацияны өнүктүрүү, клиникалык диалогдорду киргизүү жана терминологиялык базаны кеңейтүү маселеси да каралды.

ТАЛКУУ:

Талкууга деканат, кафедра башчылары, СМК жетекчиси, НББП жетекчиси жана окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрү катышты.

Сөзгө чыкты:

СМК жетекчиси, б.и.к., доцент Момунова А.К.: УМКлардын сапаты университеттин жалпы билим берүү сапатына түздөн-түз таасир этерин белгилеп, аларды ОММУнун борбордук методикалык талаптарына толук шайкеш келтирүү зарылдыгын айтты. Айрыкча клиникалык дисциплиналарда практикалык компоненттерди күчөтүү жана баалоо критерийлерин тактоо керектигин баса белгиледи.

НББП жетекчиси Турсунова В.: УМКлар компетенттүүлүккө негизделип түзүлүшү керек экенин белгилеп, студенттин практикалык даярдыгын жогорулатуу негизги максат болушу керектигин айтты.

К.ф.н., доцент Юсупова Р.О.: УМКлардын структурасы бирдиктүү форматтын сактоо керектигин жана методикалык талаптар так сакталуусу зарылдыгын белгиледи.

М.и.к., Абдымомунова Б.: клиникалык кейстерди көбөйтүү, симуляциялык окутууну кеңейтүү жана УМКларды жаңыртуу боюнча сунуштарын беришти.

Деканат өкүлү, Токтоназарова Н.Т.: бардык УМКлар факультеттик деңгээлде кайра каралып, бекитүүдөн мурун методикалык экспертизадан өтө электер өтүшү керектигин белгилешти.

**ТОКТОМ**:

Дисциплиналардын окуу-методикалык комплекстери (УМК) ОшМУнун борбордук стандарттарына ылайык кайра каралсын жана жакшыртылсын.

УМКлардын структурасы бирдиктүү формага келтирилсин.

Клиникалык дисциплиналарда симуляциялык окутуу, кейс-стади жана практикалык баалоо системасы күчөтүлсүн.

Кыргыз жана орус тилдери боюнча УМКларга медициналык коммуникация бөлүмдөрү жакшыртылсын.

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: ____________ /Орунбаева Б.М./

Катчысы: ____________ /Танабаева А./